КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
БИШКЕК ШААРЫНЫН
МЭРИЯСЫ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
МЭРИЯ ГОРОДА БИШКЕК

0002318 8
0251121 3

# ТОКТОМ
# ПОСТАНОВЛЕНИЕ

16 марта 2020 № 22

Бишкек ш.
г. Бишкек

**Жогорулатылган даярдык режимин киргизүү жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 20-беренесине, Кыргыз Республикасынын "Жарандык коргонуу жөнүндө" Мыйзамынын 10-беренесине, Кыргыз Республикасынын "Жергиликтүү өз алдынча башкаруу жөнүндө" Мыйзамынын 41-беренесине ылайык, Бишкек шаарынын аймагында коронавирустук инфекциянын (COVID-19) жана башка жугуштуу оорулардын пайда болушун жана тарап кетишин алдын алуу жана жол бербөө максатында, Кыргыз Республикасынын аймагына коронавирустук инфекциянын киргизилишин алдын алуу жана тарап кетишине жол бербөө боюнча республикалык штабдын кеңешмесинин 2020-жылдын 12-мартындагы №26 протоколунун негизинде, Бишкек шаарынын мэриясынын борбордук аппаратынын юридикалык бөлүмүнүн башчысы М.А. Камчибекованын Бишкек шаарынын мэриясынын "Жогорулатылган даярдык режимин киргизүү жөнүндө" токтомунун долбооруна карата 2020-жылдын 16-мартындагы маалымкатын эске алып, токтом кылам:

1. Бишкек шаарынын аймагында жогорулатылган даярдык режими киргизилсин.
2. 2020-жылдын 6-апрелине чейин спорттук секциялардын, маданият үйлөрүнүн, музыкалык мектептердин, муниципалдык театрлардын, музейлердин, китепканалардын, балдар искусство мектептеринин, көркөм мектептердин, балдарды жана жаштарды реабилитациялоо борборлорунун, үй-интернаттарынын, шаардык реабилитациялык, геронтологиялык борборлорунун, социалдык мекемелердин иш-аракеттерине убактылуу чектөөлөр белгиленсин.
3. Ушул токтомдун 2-пунктунда көрсөтүлгөн мекемелердин жетекчилери кызматкерлерди, окуучуларды, студенттерди жана алардын ата-энелерин ушул токтом жөнүндө маалымдашсын.
4. Коронавирустук инфекциянын (COVID-19) жана башка жугуштуу оорулардын пайда болушуна жана тарап кетишине жол бербөө максатында төмөндөгүлөр сунушталсын:

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
БИШКЕК ШААРЫНЫН
МЭРИЯСЫ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
МЭРИЯ ГОРОДА БИШКЕК

0002318 8
0251121 3

ТОКТОМ
ПОСТАНОВЛЕНИЕ

16 марта 2020 № 22

Бишкек ш.
г. Бишкек

**О введении режима повышенной готовности**

В соответствии со статьей 20 Конституции Кыргызской Республики, статьей 10 Закона Кыргызской Республики «О гражданской защите», статьей 41 Закона Кыргызской Республики «О местном самоуправлении», в целях предупреждения и недопущения возникновения и распространения коронавирусной инфекции (COVID-19) и других инфекционных заболеваний на территории города Бишкек, на основании Протокола заседания Республиканского штаба по предупреждению завоза и недопущению дальнейшего распространения коронавируса на территории Кыргызской Республики от 12 марта 2020 года № 26, принимая во внимание справку заведующей юридическим отделом центрального аппарата мэрии города Бишкек Камчибековой М.А. от 16 марта 2020 года к проекту постановления мэрии города Бишкек «О введении режима повышенной готовности», постановляю:

1. Ввести на территории города Бишкек режим повышенной готовности.
2. Установить временное ограничение деятельности спортивных секций, домов культуры, музыкальных школ, муниципальных театров, музеев, библиотек, детских школ искусств, художественных школ, центров реабилитации детей и молодежи, домов-интернатов, городских реабилитационных, геронтологических центров, социальных учреждений до 6 апреля 2020 года.
3. Руководителям учреждений, указанных в пункте 2 настоящего постановления, довести настоящее постановление до сведения сотрудников, учащихся, студентов и их родителей.
4. В целях недопущения возникновения и распространения коронавирусной инфекции (COVID-19) рекомендовать:

- владельцам и администрациям торгово-развлекательных центров, рынков, компьютерных клубов, ресторанов, кафе, кинотеатров, театров,

- соода-эс алуу борборлорунун, базарлардын, компьютердик клубдардын, тойканалардын, кафелердин, кинотеатрлардын, театрлардын, көргөзмөлөрдүн, спорт клубдарынын, фитнес-борборлорунун жана башка адамдар массалык чогулган жана эс алган жерлердин ээлерине жана администрацияларына өз иш-аракеттерин чектөө;

- Бишкек шаарынын тургундарына адамдар көп чогулган жерлерге барууну, ошондой эле үй-бүлөлүк, эске алынуучу иш-чараларды өткөрүүнү чектөө.

5. Бишкек шаарынын административдик райондорунун башчылары киргизилген чектөөлөр, анын ичинде массалык иш-чараларга карата чектөөлөр жөнүндө менчигинин түрүнө карабастан соода, кызмат көрсөтүү жана коомдук тамактануу чөйрөсүндөгү иш-аракеттерди жүзөгө ашырган жеке жана юридикалык жактар арасында түшүндүрүү иштерин жүргүзүшсүн.

6. Ушул токтомдун аткарылышын контролдоо Бишкек шаарынын административдик райондорунун башчыларына жана шаардык кызматтардын жетекчилерине жүктөлсүн.

**Вице-мэр** **Т.А. Кузнецова**

выставок, спортивных клубов, фитнесс-центров и других мест массового скопления и отдыха людей ограничить свою деятельность;

- жителям города Бишкек ограничить проведение и посещение массовых скоплений людей, а также семейных, памятных мероприятий.

5. Главам административных районов города Бишкек провести разъяснительную работу среди физических и юридических лиц независимо от форм собственности, осуществляющих деятельность в сфере торговли, услуг и общественного питания, относительно введенных ограничений, в том числе на проведение массовых мероприятий.

6. Контроль за исполнением настоящего постановления возложить на глав административных районов города Бишкек и руководителей городских служб.

**Вице-мэр** **Т.А. Кузнецова**

ТОКТОМДОР БӨЛҮГҮ ПРОТОКОЛЬНАЯ ЧАСТЬ